**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №14**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезектеги XXIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **31-октябрь 2023-жыл**

**“Ноокат Суу канал” Муниципалдык ишканасынын ичүүчү сууну категориялар боюнча тарифтерин бекитүү жөнүндө.**

“Ноокат Суу-канал” Муниципалдык ишканасынын бүгүнкү күндө колдонулуп жаткан ичүүчү сууну категориялар боюнча тарифтери инфляцияны эске алганда өзүн-өзү актабай жаткандыгында байланыштуу калкты сапаттуу жана үзгүлтүксүз суу менен камсыз кылуу максатындагы Ноокат шаар мэринин жазган катынын негизинде мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин Ош шаары жана Ош областы боюнча бөлүмүнүн 2021-жылдын 6-январындагы №4/1 буйругун жана Ноокат шаардык кеңешинин V-чакырылышынын кезексиз XXXIX сессиясынын 2020-жылдын 8-декабырындагы №1 токтомунун негизинде Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.“Ноокат Суу канал” Муниципалдык ишканасынын тарифтери төмөндөгүчө бекитилсин:

**-өздүк наркы 1 метр куб суу үчүн 30 сом 26 тыйын.**

2.Суу пайдалануучу абоненттерге категориялар боюнча төмөндөгүдөй тарифтер колдонулсун:

**-калк үчүн 1 метр куб-25 сом 00 тыйын;**

**-бюджеттик мекеме ишканалар үчүн 1 метр куб-70 сом 00 тыйын;**

**-комерциялык жана өндүрүштүк ишканалар үчүн 1 метр куб-85 сом 00 тыйын;**

3.Жогорудагы көрсөтүлгөн тарифтер 2024-жылдын 1-январынан баштап колдонулсун.

4.”Ноокат Суу канал” ишканасынын ичүүчү сууну категориялар боюнча жаңы тарифтери колдонууга киргендиги жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу

монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агентигинин Ош облустук бөлүмүнө маалымат жөнөтүлсүн.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ноокат шаардык кеңешинин**

**төрагасынын орун басары:** **Г. Дуванаева**